Пайдаланылган адабияттар:

1. *Акматалиев.А “Ч.Айтматовдун чыгармачылык жолу” Ф 1989*
2. *Акматалиев.А “Ч.Айтматов” Бишкек 2008*
3. *Асаналиев К “Көркөм бийиктик”*
4. *Айтматов.Ч чыгарманын он томдук жыйнагы 5 том Бишкек 2018.*
5. *Айтматов.Ч 8 томдук жыйнагы 2-том*
6. *Share/google Аскадан угулган колуктунун ыйы.*

УДК: 811.512.1'1 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.554**

ЭТНОЛИНГВИСТИКА ЖАНА ЫЙЫК «БИР», «ЖЕТИ» САНЫНДАРЫНЫН ТААНЫМДЫК САПАТЫ

Рысбаева Гульдархан Калиевна *- Казакстан Республикасы, Нур-Мүбарак Египет ислам маданияты университети, чет эл филологиясы жана кормо иши кафедрасынын башчысы, филология илимдеринин доктору, профессор.* guldarhan@inbox.ru
Маразыков Турусбек Сейдакматович *- Кыргыз Республикасы, Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университети, тил илими кафедрасы, КР УИАнын корреспондент-мүчөсү, филология илимдеринин доктору, профессор.* adsdi@inbox.ru
Тлебалдина Сауле Алимгазиновна *- Казакстан Республикасы, Нур-Мүбарак Египет ислам маданияты университети, чет эл филологиясы жана кормо иши кафедрасы, окутуучу.* Saukelek@mail.ru

ЭТНОЛИНГВИСТИКА И КОГНИТИВНАЯ ХАРАКТЕРИСТИКА СВЯЩЕННЫХ ЧИСЕЛ «ОДИН» И «СЕМЬ»

Рысбаева Гульдархан Калиевна
Республика Казахстан, Египетский университет исламской культуры Нур-Мубарак, заведующий кафедрой иностранной филологии и переводческого дела, доктор филологических наук, профессор. guldarhan@inbox.ru
Маразыков Турусбек Сейдакматович
Кыргызская Республика, Кыргызский национальный университет имени Ж.Баласагына, кафедра общее языкознания, доктор филологических наук, профессор, член-корреспондент НАН КР, adsdi@inbox.ru
Тлебалдина Сауле Алимгазиновна
Республика Казахстан, Египетский университет исламской культуры Нур-Мубарак, кафедра иностранной филологии и переводческого дела, преподаватель. Saukelek@mail.ru

ETHNOLINGUISTICS AND THE COGNITIVE SIGNIFICANCE OF SACRED NUMBERS “ONE” AND “SEVEN”

Rysbayeva Guldarkhan Kalievna
Republic of Kazakhstan. Egyptian University of Islamic Culture Nur-Mubarak, Head of the Department of Foreign Philology and Translation Studies, Doctor of Philology, Professor. guldarhan@inbox.ru
Marazykov Turusbek Seydakmatovich

Kyrgyz Republic, Kyrgyz National University named after Zh. Balasagyn, Department of General Linguistics, Doctor of Philology, Professor, Corresponding Member of the National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, adsdi@inbox.ru

Tlebaldina Saule Alimgazinovna

Republic of Kazakhstan. Egyptian University of Islamic Culture Nur-Mubarak, Department of Foreign Philology and Translation Studies, teacher. Saukelek@mail.ru

Аннотация

Бул макалада казак жана кыргыз элдеринин дүйнө таанымындагы ыйык, касиеттүү «бир», «жети» санынын семантикалык талаасына кирген лексикалык бирдиктер этнолингвистикалык жактан талданат. Азыркы учурда айлана-чөйрө, аалам, дүйнө тууралуу бардык маалыматтар элдин кылымдар бою калыптанган дүйнө таанымынын негизинде жаралган тилдик бирдиктер – макал-лакаптар, фразеологизмдер, канаттуу сөздөр аркылуу сакталып, атадан балага, муундан муунга өтүп, дүйнөнүн тилдеги бейнеси улам жаңыланып, толукталып отурат. Ар бир улуттун өзүнө таандык ааламдын тилдик бейнеси бар, анткени тил – ой жүгүртүүнүн жана карым-катнаштын каражаты гана эмес, бүтүндөй этностун руханий жана маданий жүзүн чагылдырган күзгү. Тилдеги маданий баалуулуктар сөздөрдүн мааниси аркылуу улуттук мүнөздүн жана улуттук менталитеттин калыптанышына өбөлгө түзөт. Ыйык «бир», «жети» сандарын этномаданий, символдук жана философиялык таанымдык модели ар түрдүү аспектилерде каралып, касиеттүү «бир», «жети» санындарын улуттук жана этномаданий өзгөчөлүктөрү ачылып көрсөтүлөт. Изилдөөнүн жыйынтыгында терең маданий маалыматты камтыган дүйнөнүн лингвистикалык бейнеси мүнөздөлөт.

Ачкыч сөздөр: *этнолингвистика, когнитивдик модель, улуттук тааным, ыйык сандар, ыйык, касиеттүү «бир», «жети» сандары.*

Аннотация

В данной статье этнолингвистически анализируются лексические единицы, входящие в семантическое поле сакральных, сакральных чисел «один», «семь» в мировоззрении казахского и кыргызского народов. В настоящее время все знания об окружающей среде, мире, мире хранятся в языковых единицах, возникших на основе многовекового мировоззрения народа-пословицах и поговорках, фразеологизмах, крылатых выражениях, передаются от отца к сыну, из поколения в поколение, обновляется и пополняется языковая картина мира. У каждой нации есть свой языковой образ Вселенной, потому что язык-это не только средство мышления, общения, язык-это духовное и культурное зеркало всей этнической группы. Культурные ценности в языке формируют национальный характер и национальный менталитет через значение слов. Этнокультурная, символическая и философская познавательная модель сакральных чисел «один», «семь» рассматривается в различных аспектах, демонстрируются национальные и этнокультурные особенности сакральных чисел «один», «семь» и описывается лингвистическая картина мира, передающая глубокую культуру.

Ключевые слова: *этнолингвистика, когнитивная модель, национальное познание, священные числа, священные числа «один», «семь».*

Abstract

This article provides an ethno linguistic analysis of lexical units belonging to the semantic field of sacred numbers- specifically “one” and “seven”- in the worldview of the Kazakh and Kyrgyz peoples. At present, all knowledge about the surrounding environment and the universe is preserved in linguistic units that have emerged from the centuries-old worldview of the people, such as proverbs and sayings, phraseological units, and set expressions. These are transmitted from father to son, from generation to generation, through which the linguistic picture of the world is continuously renewed and enriched.

Every nation possesses its own linguistic image of the universe, as language is not only a means of thinking and communication, but also a spiritual and cultural mirror of the entire ethnic community. Cultural values encoded in language shape national character and national mentality through the meanings of words. The ethno cultural, symbolic and philosophical cognitive model of the sacred numbers “one” and “seven” is examined from various perspectives, demonstrating the national and ethno cultural characteristics of these sacred numbers and describing a linguistic worldview that conveys a profound cultural heritage.

Keywords: *ethno linguistics, cognitive model, national cognition, sacred numbers, sacred numbers "one", "seven".*

Этнолингвистика орто кылымдарда Чыгыш өлкөлөрүндө пайда болуп, XVII кылымда кайрадан Европа аймагына өтүп, тил илиминин тарыхый өнүгүү жолунан өткөн илим тармагы болуп саналат. Азыркы учурда этнолингвистика АКШда жана КМШ өлкөлөрүндө жогорку деңгээлде изилденип келет. Этнолингвистиканы тил илиминин өз алдынча термини катары илимий жүгүртүүгө киргизген окумуштуу Э. Сепир болгон.

Орус тил илиминде этнолингвистикалык багытта алгач олуттуу илимий ой-пикирлерди билдирип, изилдөөлөрдү жүргүзгөн окумуштуулар катары А.А. Потебня, Н.И. Толстой, В.Н. Топоров, В.В. Иванов, А.Ф. Журавлёв белгилүү.

Ал эми казак тил илиминде этнолингвистиканын негиз салуучулары болуп Ә. Кайдар, Е. Жанпейісов ж.б. эсептелет. Кыргыз тил илиминде этнолингвистикалык багыт XX кылымдын экинчи жарымынан тартып активдүү өнүгө баштады. Кыргыз окумуштуусу К.К. Юдахин тилдик бирдиктерди элдин турмуш-тиричилиги менен байланышта изилдөөнүн маанилүүлүгүн баса белгилеген. Анын түзгөн сөздүктөрү этнолингвистикалык маалыматтарга бай.

Этнолингвистика – грек тилиндеги *этнос* (эл, урук) жана *лингвистика* түшүнүктөрүнөн келип чыгып, тилди маданият менен тыгыз байланышта караган, ошондой эле этномаданий жана этнопсихологиялык факторлордун тилдин кызматына жана өнүгүшүнө тийгизген таасирин изилдеген тил илиминин тармагы. Этнолингвистика этностун болмушун анын тили аркылуу таанып-билүүнү максат кылган, тил илиминин өз алдынча багыты болуп саналат. Бул илимде «этнос», «этнос болмушу», «этнос тили», «тил дүйнөсү» сыяктуу түшүнүктөргө өзгөчө маани берилет [Қайдаров, 1998; 8]. Этнолингвистика тил илиминин антропоөзөктүү багыттарынын бири катары тилди элдин маданияты, тарыхы жана дүйнө таанымы менен бирдикте карайт.

Сан атоочтор этнолингвистикада жалаң гана математикалык өлчөм катары эмес, элдин дүйнө таанымы, мифологиялык ой жүгүртүүсү, салт-санаасы жана ишенимдери менен тыгыз байланышта калыптанган маданий код катары каралат. Санга байланышкан түшүнүктөрдүн элдик таанымдагы өзгөчө орду тил менен маданияттын ажырагыс биримдигин айгинелеген этнолингвистикалык көрүнүш болуп саналат.

Бул макалада кыргыз жана казак тилдериндеги ыйык **«жети»** санынын этномаданий, символдук жана философиялык таанымдык модели этнолингвистикалык өңүттө каралат. Кыргыз жана казак тилдериндеги сан аталыштары элдин руханий тажрыйбасынын тилдеги чагылышы болуп эсептелет. Айрыкча ***бир, үч, жети, тогуз, кырк*** сыяктуу сандардын ыйык, касиеттүү мааниге ээ болушу алардын этномаданий мазмунга бай экендигин далилдейт. Бул сандар улуттук таанымда системалашып, элдин маданий баалуулуктарын чагылдырат.

Аталган сандарга байланышкан туруктуу сөз айкаштары, макал-лакаптар, мифологиялык түшүнүктөр жана социалдык институттар (жети ата, жети казына, кырк күн, тогуз толгоо ж.б.) сан атоочтордун магиялык жана символдук кызмат аткарганын көрсөтөт.

Этнолингвистикалык жактан алганда, сан аталыштары – улуттук аң-сезимдин, жамааттык эс-тутумдун жана маданий дүйнө таанымдын тилдик бейнеси. Алар аркылуу элдин убакыт менен мейкиндикти кабылдоосу, дүйнөнүн түзүлүшү тууралуу түшүнүгү, жаратылышка жана коомго болгон мамилеси чагылдырылат. Ошондуктан кыргыз жана казак

элдеринин сандарга байланышкан түшүнүктөрүн изилдөө алардын этномаданий болмушун жана руханий баалуулуктарын тил аркылуу таанып-билүүнүн маанилүү жолу болуп саналат.

«Тил дүйнөсү» жана «дүйнөнүн концептуалдык сүрөтү» түшүнүктөрүн «Тил – ой – дүйнө» үчилтигинде изилдөө азыркы заманбап тил таануунун актуалдуу маселелеринин бири болуп саналат. Тил дүйнөсү – чындыктын болмушун тилдик формалар жана түзүмдөр аркылуу чагылдыруунун жана таанытуунун өзгөчө ыкмасы, бул жерде тилдин борбордук каарманы катары адам менен түздөн-түз байланыш каралат [Рысбаева, т.б., 2015; 239]. Касиеттүү сандардын казак тилиндеги колдонулушунун тарыхый-этнолингвистикалык мүнөзүн жана символдук маанисин академик И. Кеңесбаев фразеологиялык сөздүгүндө мындай жазат: «Туруктуу сөз тизмектеринин бир аз бөлүгү жети, үч, тогуз, кырк сыяктуу бир катар сан атоочтордун тегерегине топтолуп жүрөт. Бул сөздөрдүн белгилүү бир тизмек, айкаштарга түп казык болуу себеби элдин байыркы доордогу түшүнүгү менен, салт-санаасы менен байланышып жатат. Фразеологизмдерде бул сөздөр өзүнүн сан маанисинде колдонулушу шарт эмес. Алар белгилүү бир нерсе, кубулуштардын түшүнүктүк символу катарында колдонулган сыяктуу [Кеңесбаев, 1977; 712]. Булар – байыркы доордун салт-санаасынын изи сакталган ыйык сан атоочтор.

Жогоруда айтылган ыйык сан атоочтордун катарына ***бир, төрт, беш, кырк бир*** сан атоочторун да киргизүүгө болот. Анткени бул сан атоочтор менен жасалган фразеологизмдер диний, теңирчилик түшүнүктөрү менен байланыштуу. Алар ааламдык символдор катарында караштырылып жүрөт. «Адамзат коомунда сандар диний, теңирчилик жана ааламдык символдор катарында каралып, алардын тереңинде адам аң-сезими жете албаган кудуреттүү купуялар менен сырлар жатканына, ошону менен катар бул кудуреттүү күчтөрдүн адамга жакшылык да, жамандык да алып келгенине ишенүү» сыяктуу жагдайлар камтылган [Авакова, 2002; 72]. Кандай да болбосун, тилибиздеги салт-санаа, дүйнө таанымдарда көп кездешкен фактылар, байыркы жазма даректер муну айкын далилдейт. Ошол сандар уютку болуп түзүлгөн туруктуу айкаштар, макал-лакаптар азыркы кезде көп колдонулуп келет. Бул жагдайды ошол элдин жаратылыш болмушуна, өмүргө болгон философиялык көз караштарына, диний ишенимдерине жана алардын материалдык маданиятына терең үңүлгөндө гана байкап түшүнүүгө болот. Мындай ыйык сан атоочторго байланыштуу фразеологизмдер бир топ. Алардын өзүнүн аткарган кызматы, касиети бар. Ошондуктан алардын ар бирине жеке-жеке токтолуу зарыл.

Бул көз караштан алганда, биз кыргыз жана казак тилдериндеги ыйык **«бир»** жана **«жети»** сандарынын этномаданий, символдук жана философиялык таанымдык моделин этнолингвистикалык жактан карайбыз.

«Бир» саны. *Бир* сан атоочу – эсептик сандын эң алгачкысы. Н.А.Баскаков өз эмгегинде сан атоочтордун ичинде *бир* санынан көп фразеологизм жасалганын, *бирге* байланыштуу фразеологизмдердин өтө көп экенин айтып: «Среди количественных определительных сочетаний особую группу занимают сочетания, в которых определение выражено числительными «bir» – «один» жана «кроме обычной семантики это определение «bir» – «один» носит оттенок неопределенности» – дейт [Баскаков, 1975; 15]. *Бир* сан атоочунун түбү монголдун *бүрі – бардыгы, баары* деген сөзү, ошондой эле, азыркы казак тилиндеги *бир* сөзү менен *баары* сөзүнүн чыгыш теги бир, бир гана уңгунун эки түрдүү аталышы [Томанов, 1988; 224]. Казак тили илиминде Ә. Қайдаров «бир» санынын семантикалык жактарын талдап, мындай дейт: «Бир саны жеке-дара, жалгылык мааниде колдонулуп, заттын саны эмес, анын дара экенин билдирет» [Қайдаров, 1998; 112]. Казак тилиндеги элдик өлчөмдөрдү билдирген туруктуу сөз айкаштар, негизинен, бир сандык аттын жардамы менен түзүлөт. Мисалы: бир асым эт, бир эли қазы, бир ууч буудай, бир саат, бир қороо мал, бир қороо қой ж.б.

Кыргиз илимпозу академик Б. М. Юнусалиев сандык аттардын семантикасын изилдеп, «бир» санынын эсептик мааниден тышкары тилде жалгыздык, белгисиздик, чектөө, бирдик маанилеринде туруктуу сөз айкаштарда колдонулганын көрсөтөт [Юнусалиев, 1959; 145]. Мисал: бир адам – жалгыз адам, бир өзү – жалгыз өзү, бир гана бала – жалгыз гана бала, бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгаруу – биримдик, ынтымак. Б.М.Юнусалиевдин эмгектерине

ылайык кыргыз тилиндеги «бир» саны: жалгыздыкты, белгисиздикти, чектөөнү жана бирдикти билдирген тексттик жана фразеологизмдик түзүлүштөрдүн негизин түзгөн.

Казак, кыргыз тилиндеги элдик ченемдерди билдирген туруктуу сөз айкаштары, негизинен, *бир* деген сан атоочунун жардамы аркылуу жасалат. Маселен, *бір асым ет // бир асым эт, бір елі қазы // бир эли казы, бір уыс бидай // бир ууч буудай, бір сәт // бир саат, бір қора жан // бир короо мал, бір қора қой // бир короо кой,* ж.б.

«Бир» *саны – жалгыз* деген түшүнүктү да билдирет. *Бир ↔ кудай ↔ алла ↔ жаратуучу ↔ жараткан ↔ жаратуучу ээм ↔ ээм*. Ал Алла менен Космоско гана тиешелүү. Ошону менен катар *бир* саны – белгилүү бир ассоциациялык талааны да таанытат: *Бир → бүтүндүк → бирдик → цивилизациялык → абсолюттук → тынчтык* [Рысбаева, 2017; 331]. **«Бир» саны** элдик өлчөмдү, жалгыздыкты, белгисиздикти, чектөөнү, бирдик маанисинен тышкары **«Кудай», «Алла», «Жаратуучу ием»** деген маанини да билдирет. Бул «жаратуучу күчтөр» культтук фразеологизмдердин көз карашынан каралат.

«Бир» саны – көбүнчө «кудай, алла, жаратуучу эге» сөздөрү менен айкашып колдонулат. Куранда *«Алла – жалгыз, оның ешқандай «теңдесі» жок. «Алла – жалгыз, Алла түбөлүктүү, ол тумайды, оны ешкім туған жок, оған тең келер ешкім жок». «Аллаһ жалгыз. Жалгыздык тек Оған гана жарасады»* деп айтылат. Кээде ***бир*** сөзүнүн ордуна синоними **«*жалгыз*»** лексемасы айтылат.

«Бир» сан атоочу *«кудай, алла, жартқан, жартушы, жаратуучу ием»* сөздөрү менен айкашып бир нече сөз айкашын жасоого уютку болот: ***кудай*** сөзүнөн жасалган: *бір кудайдын атқаны, бір кудай білсін, бір кудай деп, бір кудайдын өзі біледі, бір кудай өзі жар болсын, бір кудай өзі жараттуу, бір кудайга мәлім, бір кудайдын пәлесі, бір кудайдан сұрады, бір кудайга сыйынды, бір кудайга тапсырды, бір кудайга шет болма, бір кудайдан тілеп алды, бір кудайдын ұрғаны;* ***алла*** сөзүнөн жасалган: *бір алла, бір алла өзің жар бол, бір аллаға тәуекел қылды, бір аллаға тапсырды, бір алладан сұрады;* ***жаратқан*** сөзүнөн жасалган: *жаратқан бір кудай, жаратқан жалгыз алла, жаратқан жалгыз кудай;* ***жаратуучу*** сөзүнөн жасалган: *жаратуучу бір кудай, жаратуучу жалгыз жана он сегіз мың ғалам, ж.б.* [Рысбаева, 2017; 331-333]. Мисалы, Жасы жиырма жетіге келсе де, ісі әлі шалағай. Алды-артын ойлап сөйлеуді, ойлап істеуді қашан үйренерін ***бір кудай білсін.*** – Жашы жыйырма жетиге келсе да, иши али чала. Алды-артын ойлоп сүйлөөнү, ойлоп иштөөнү качан үйрөнөрүн ***бир кудай билсин*** (Б.Нұржекеев). Айналайын атыңнан, ***Жаратқан жалгыз кудайым*** // Айланайын атыңдан, ***Жараткан жалгыз кудайым*** («Батырлар жыры»). Бала жылап барады, ***Жаратқан жалгыз аллаға*** // Бала ыйлап барат, ***Жараткан жалгыз аллага*** («Батырлар жыры»). Жат қылып ***жалгыз жаппарды,*** Баланың жанын сұрайды // Жат кылып ***жалгыз жаппарды,*** Баланын жанын сурайт («Батырлар жыры»).

«Жаратуучу жалгыз – Алла», «Жалгыздык бір Аллаға жарасады» дейбиз, бул айкаштардын тереңинде чоң маани жатат. Ал адам баласына байланыштуу айтылган да, адам баласына жалгыздык жарашпаганын, жалгыздык Аллага гана жарашканын түшүндүрөт.

«Бір кудайга сыйынды» – аллага шүгүр кылды, тооба кылды; *Бір алладан сұрады* – кудайга жалынды деген мааниде .

«Он сегіз мың ғалам» айкашы **«*ааламдегі барша тіршілік»*** дегенди билдиргендиги белгилүү**. «*Он сегіз мың ғаламды жаратуучу жалгыз – Алла»*** деп айтылган, кээде **«*он сегіз мың ааламді билеуші бір кудай»*** деген фразеологизмдер кездешет. Мисалы,

Өзі қақтың жолында	Өзү кактын жолунда
Он сегіз мың ғаламның,	*Он сегиз миң ааламдын,*
Он бесі бар қасында	Он беши бар кашында
Жеті кәміл бабасы	Жети жандын бабасы
Келді жетіп қасына	Келди жетип кашына («Қобыланды»).

Жалпысынан алганда, тилде салт-санаага, дүйнө таанымга байланышкан мындай фактылар байыркы жазма булактарда жана элдик оозеки чыгармачылыкта кеңири кездешет. Бул сандар негиз болгон туруктуу сөз айкаштары жана макал-лакаптар бүгүнкү күндө да

активдүү колдонулат. Алардын маани-маңызын элдин философиялык көз карашы, диний ишенимдери жана материалдык маданияты менен байланышта гана терең түшүнүүгө болот.

Кыргыз жана казак тилдериндеги ыйык «жети» саны этнолингвистикалык жактан жаратылыш мыйзамдары, космостук түшүнүктөр жана социалдык нормалар менен тыгыз байланышта каралат.

«Жети» саны. *Жети* сан атоочунун ыйык саналганын окумуштуулар өткөн кылымда эле аныктаган. *Жети* саны Жакынкы Чыгыш жеринде гана эмес, алыскы Сибир, Кыйыр Чыгыш, Африка, Океаниянын кээ бир элдеринде да ыйык. Санскрит тилинде – *саптан,* персче – *һәфта*, грекче – *хәпта* деген сөздөр *жети* деген маанини билдирет. Бул – узактыгы жети күнгө тең убакыт өлчөмүнүн аталышы. Ай календарына байланыштуу пайда болгон.

«Жети» саны байыртадан касиеттүү, ыйык деп аталат. Анын себеби орто кылымдын алхимиктери жана астрологдорунун жети күнгө, жети Жылдыз атын берүү, жети металлдын (алтын, күмүш, темир, сымап, калай, жез, коргошун) пайда болгон күнү деп *жекшемби, дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби, жума, ишемби* күндөрү деп ат берилген деген маалыматтар бар [Қазақ халқының салт-дәстүрлері, 1994; 25]. Бул ыйык жети санынын сыйкырлык касиети космогониялык түшүнүк менен байланыштуу.

Жети саны байыркы түрк салтында өтө көп колдонулган. Скифтик, алтайлык, шумердик жетилик сандардын чыгышы терең мааниге ээ. Скифтик жетилик, *«Жети теңирилик»* пантеон Евразия талааларындагы көчмөндөрдүн ичинде скифтердин мифологиясында болгон. Алар: Табити, Папай, Апи, Ойтосир, Аресс, Геракл, Артимпаса. Алтайлык теңирлерине байланышкан жетилик, Алтайлык түрктөрдүн мифологиясындагы негизги, башкы теңирликти түзгөн Үлген (Ульгень) жана Ерикликтин (Эрлик) жетиликтин катарында болгондугу тууралуу вариант бар. Ал тууралуу Үлген жана Эрликтин ысымдары дүйнөлүк топон суудан аман калган жети пирдин катарында аталат. Ошол жетөө (бешөөнүн ысымы аталган эмес) топон суудан кийинки *жаңы* жерди калыбына келтирген. Шумердик жетиликти, шумер мифологиясында, башкача айтканда, шумерче *имина-би* (Котормосу: алардын саны- жетөө («их семеро») деп атайт. Бул *жетилик* – асман теңири (Ан) менен жердин (Ораш) баласы. Асман теңири катарында *жетилик* Үркөр топ Жылдызынын турпаты болуп көрүнөт. Ошону менен шумер (жана) аккад мифинен *жетилик (имина-би)*, *абгаль*, *утукку*, *Энмешарранын жети баласы*, *Ишхаранын жети баласы* деген беш түрдүү жетиликтин баары айтылып жүрөт [Қондыбай, 2004; I, 269-280].

Түрк элдеринин маданиятынын гана эмес, ошону менен бирге бүткүл дүйнө жүзүнүн маданиятынын тарыхында өзгөчө орун ээлеген эстеликтердин бири – бүткүл ааламга белгилүү болгон VIII к. Орхон, Энесай эстеликтери. Анда Күлтегин, Тонүкөккө арналган таш эстелигинде жазуулар бар.

Күлтегин эстелиги – байыркы түрк ханынын Күлтегин деген баласынын зыяратына, урматына арналып орнотулган таш эстелиги. Эстеликте ташка чегерилип жазылган 250 сап жазуу бар. Ошол таштагы жазуулардан [Күлтегін, 1986; 47] да **«жети»** санынын ыйык экенин төмөндөгү үзүндүдөн айкын көрүүгө болот:

Күлтегіннің чоң жазуында:	*Котормосу:*
Қанум Елтеріс қағануғ,	Атам Елтерис каганды,
Өгім Елбілге қатұнығ.	Энем Елбилге катынды
Теңрі төпесінте тұтұп	Теңири төбөсүнө кармап,
Иегерү көтүрміс ерінч.	Жогору көтөргөн экен.
Қанум қаған *йіті йегірімі* ерін	Атам канга *он жети* эр
ташықмыс.	еріпті.
Ташра йорыйур, тійін, кү есідіп,	Четте жортуп жүрөт дегенди угуп
Балықдақы тағықмыс,	Шаардагылар өнүгүптүр,
Тағдақы інміс,	Тоодогулар караптыр.
Тіріліп *йетміс* ер болмыс.	Жыйылып *жетимиш* болуптур
Теңрі күч біртүк үчүн,	Теңир кубат берген соң,
Қаңұм қаған сүсі бөрі тег ерміс,	Атам кагандын аскери

ерміс
Ағысы қоң тег ерміс,
Ілгерү-кырығару сүлеп
тірміш, қобартмыш.
(Қа)мұғы йеті йүз ер болмыс,
йеті йүз ер болуп...
Қаңым қаған бунча...
Қырық артуқ (ы) йіті сүлмес,
Иегірмі сүңіс сүңісміс,

бөрүдөй болуптур.
Жоолору койдой болуптур.
Илгери-кийин аттанып,
жыйнаптыр, көтөрүптүр.
Колу жети жүз эр болуптур.
Жети жүз эр болуп...
Атам каган ошончо...
Кырк жети жолу аттанды,
Жыйырма айкаш жасады
[Күлтегін, 1986; 47]

Күлтегин ***жети*** жашында атадан жетим калат. Он үч жашка келгенде эр атанат. Он алты жашта курал-жарак асынып, эл намысын, элдин кегин кууп табгачтарга каршы аттанат. Жыйырма бир жашында (үч жети) Тадыкын чурдун Боз атына минип, чача Сеңүн менен согушат. Жыйырма алты жашында кыргыздарды, отуз жашында карлуктарды, отуз бир жашында аздарды алат.

Ошентип, кырк жети жашында дүйнө салат. Эстеликтеги жазуу мындай аяктаган: *«Күлтегін қон йылқа житі ягірмика ұчды. Тоқұзынчы ай житі отузқа йоқ әртүртіміз... Бітіг ташын бічін йылқа житінші ай житі отузқа құп алқадымыз... Күлтегін өліп қырқ артық жеті...».* Котормосу мындай: «кой жылынын он жетисинде Күлтегиндин жаны учту. Биз аны тогузунчу айдын 27-күнү жерге бердик... Мечин жылы жетинчи айдын 27-күнү башына таш орноттук. Күлтегин 47 жашында өлдү...». Табгач тилиндеги маалыматтар боюнча, Күлтегин 732- кой жылынын 17-си күнү кайтыш болгон. Аны 9-айдын 27-күнү жерге беришкен. Мечин жылы 7-айдын 27- күнү бейит башына таш орнотушкан. Ал 47 жашында өлдү деп жазылат.

«Жети» саны ислам, христан, будда диндеринде да ыйык сан болуп эсептелет. Маселен, Ислам дининде *жети* ыйык сан болуп саналат. Ислам динин касиеттүү китеби «Куранда»: «Жер бетиндеги нерсенин баарын Кудай силер үчүн жаратты. Ага *жети кат* асманды берди» [Құран Кәрім, 1991; 6] деген маалыматка караганда «асман – жети кабат» деген түшүнүк билдирилсе керек деп ойлойбуз. Мусулмандар өз өмүрүндө Ислам динин борбору Меккеге барып, ажылык кылып кайтышат. «Меккеге келгендер Каабага барат. Ажыга келгендер Каабаны *жети жолу* айланып чыгат. Алар кара ташты өөп, замзам кудугунан суу ичишет. Каабаны жети жолу айланып чыгуусу – зороастризм дининен алынган салт. Кийинки күнү Меккенин кашындагы эки тоонун арасында, башкача айтканда, Сафа тоосунан Маруа тоосуна *жети барып, жети келет;* андан соң Минага барып, бир таш чуңкурга жети таш ыргытышат. Үчүнчү күнү Арафат тоосуна көтөрүлүп, Муздалифа талаасына барып, от жагып, курмандык чалат» деп айтылат.

Христиан дининде да «Христос жетинчи күнү асманга учуп барып, жетинчи күнү кайра дүйнөгө келет» деген ишеним бар. Будда динин байыркы мезгилдеги адабият нускаларында *жетиге* байланыштуу кубулуштар көп кездешет. Бул тууралуу француз окумуштуусу Лев Болер «Алгачкы адамдардын ойлоосу» деген эмгегинде мындай деген: «Биз байыркы мезгилдеги хинди маданиятынын ажайып жомокторунан *жети эне, жети данава, күндүн минген жети аты* сындуу бир топ өзгөчөлүктөрдү жолуктурдук» [Ғабитханұлы, 1994; 7-8]. Башка сандарга караганда **жети** санынын колдонулушу кеңири. *Жети* саны казак, кыргыз элинин дүйнө таанымында өзгөчө орду бар сандар категориясына кирет. *Жети* саны түрк элдери, анын ичинде казак эли, түшүнүгүндө ар түрдүү маани-маңызда колдонулганы белгилүү. Ошого карата мифологиялык, астрологиялык, магиялык, абстрактык жана элдин казынасы менен, убакыт менен, көптүк түшүнүгү менен, ашыктык икаялары менен байланыштуу жети санынын бир нече маанилик топторун аныктоого болот.

Башка сандарга караганда **жети** санынын колдонуу чөйрөсү кеңири. Жети санынын маанилерин ар түрдүү топторго бөлүп караса болот:

1. Мезгилдик (тарыхый) мааниси: Жети саны убакыт же муунду билдирет. Мисалы, «жети атадан бери» деген сөз айкашы эзелтен бери, баштапкы учурдан берки убакытты

көрсөтөт. Ата-бабаларынан бери акындык талант менен айырмаланган адамды кыргызда «жети атасынан бери акындык конгон» деп айтышат.

Жеті атадан әрі гана кыз алысу // жети ата өткөн соң, кыз алышуу. *Жети* санына байланыштуу көз караш казак, кыргыз эл арасында калыптанып, салт, мыйзам болуп кеткен. Ага бир мисал: *«жеті атадан әрі гана кыз алысу // жети ата өткөн соң, кыз алышуу»* мыйзамы. Арадан жети ата өткөрүп, куда түшүү адаты кылымдар бою сакталып келген. Бул каада-салтты ислам динин кабыл алган элдер кийин шариятка туура келтирип алган. Ошентип, *жети* сөзү пайгамбардын хадисинде да бар. Адамдардын алыс-жакындыгы ушундай жети менен өлчөнгөн. Эң болбогондо, ар бир уруунун адамы жети атасын, ата-бабаларын, (шежиресин) билүүгө милдеттүү болгон. Ошондон улам казактарда *жеті атасын білмеген мүрт* же *жеті атасын білмеген кәпір* деген сөз айкаштары бар. Кыргыздар да бул маселеге өтө олуттуу мамиле кылышкан. Ошондуктан жети атаны билүү – парз. Кыргыз элинде: *Жети атасын билбеген уул – кул, жети атасын билбеген кыз – күң* деген туюнтманын болушу жогорудагы пикирибизди айгинелеп турат.

2.* Жети саны *жана тукумдук түшүнүк: Жети саны тукумдук байланыштар менен байланыштуу. **Жети ата** – казак жана кыргыз элдеринин байыртан келе жаткан санжыра системасы. Ата-бабаларынын аттарын санжырага жазып, атасынан баштап, анын атасын жана андан кийинки муундарын, тактап айтканда, жети атасын жатка айтып билишкен. Алардан тараган урпактар бир атанын балдары катары эсептелген.

Жети ата казак элинде эки түрдүү түшүнүк менен айтылат: **биринчи жети ата***: бала, әке, ата, арғы ата, баба, түп ата, тек ата*; **экинчиси**: *ата (әке), бала, немере, шөбере, шөпшек, немене, туажат*. ***Жети ата*** түшүнүгү – кыргыз элинде чоң маани берилген түшүнүк. Ал төмөнкүдөй аталат: *ата, чоң ата, баба, буба, куба, жото, жете, тек.* Буларга байланыштуу элде буга чейин калыптанган: *атанын баласы болуу, ата-бабасы тектүү, ата-бабасы кем, кубасынын куу чокусу, ата-жотосуна жетүү, жетеси түзүк, жетесинде кем, теги бар, теги кул* деген ж.б. туюнтмалар бар. Кыргыздарда бала да чоң мааниге ээ. Алар төмөнкүчө аталат: *бала, небере, чөбөрө, кыбыра, тыбыра, чүрпө, урпак.* Бул түшүнүктөргө байланыштуу: *балалуу болуу, небере күтүү, чөбөрө көрүү, урпагы улануу* деген ж.б. туюнтмалар бар. Мында жети атаны билип эле, аларды санап эле коюш максат эмес. Эң негизги максат – *жети ата өткөн соң, кыз алышуу, кийинки муундун генефонддуна кам көрүү.*

3. Жети сөзү элдин казынасы менен да байланыштуу. *Ит – жети казынанын бири* деген сөз айкашы бар [Кеңесбаев, 1977: 613]. Жети казынага булар кирет: *ер жігіт // эр жигит; сулуу аял; ақыл, білім // билим; жүйрік ат // күлүк ат; қыран бүркіт // кыраан бүркүт; берен мылтық; жүйрік тазы (ит), мыкты тайган. Жети казына* тууралуу эл ичинде айтылган сөздөр: «жети казынанын бири – төрт түлүк, казан жана кара мылтык» [Уәлиұлы, 1998; 18]. Булардын ичинен төрт түлүктү (алардын мифтик ээси – Ойсул кара, Камбар ата, Зеңги баба, Чолпон ата жана *Чекчек-ата* (Сексек ата) *тирүү казына* деп өзгөчө бөлүп айткан. «Үйдөгү бөлөк болгон улуу дүйнөдөн башка талаада жүргөн тирүү казына-аяктын малдын өзүнө да канча буюрары, канчасы колунда калары белгисиз» (М.Әуезов, «Қилы заман»). *Казан* менен *кара мылтыктын касиеттүү жетинин* катарында айтылышы тегин эмес. *Қазанның құлағын қағу // казандын кулагын кагуу; қара қазан, сары бала; қазан төңкертпеу // казан төңкөртпөө* сыяктуу сөз айкаштары жөндөн-жөн айтылган эмес. Казактын байыркы ырларында алтын казан издөө салты бар:

Сөз тыңда, құлақ салып, балам, маған,
Астында дарияның *алтын қазан.*
Әкелсең сол қазанды эрдик қылып,
Беремін Күнсулууды қосып саған
******
Сөз тыңда, кулак салып, балам, маган,
Астында дарыянын *алтын казан.*
Алып келсең шол казанды эрдик кылып,
Беремин Күнсулууну кошуп саган («Құламерген»).

Академик А.Маргулан бул сюжетке өзгөчө назар буруп, анда терең мазмун жатканын абдан жакшы далилдеген: «Құламерген» эпосунда деңиз астынан казан издөө – тайпалардын демократиясынын бирдигин сыпаттайт. Казан – түндүк сыяктуу, бүтүндүктүн белгиси. Ал куруса, эл да куруйт. Анын үстүнө казанды кастарлоо байыркы кездеги темирге табынуунун бир түрү деп айтылат.

4. «*Жети саны» символикалык түшүнүктү билдирет*. Көчмөндөр боз үйдү жети санынын символикалык маанисине негизделген ааламдын бирдиктүү мифтик модели катары түшүндүрүшкөн. Мәселен, казак жана кыргыз боз үйү кызматы боюнча жети бөлүккө бөлүнөт: 1) Конок орду – “тор”: эшиктен эң алыс, эң урматтуу орун, адатта конок ушул жерде отурат; 2) Үй ээсинин орду: эшикке жакыныраак, конок ордуна сол жагында жайгашат; 3) Ашкана бөлүгү: үй ээсинин ордунан эшикке жакын жайгашат; 4) Жаш үй-бүлөнүн орду: конок ордунун оң жагында жайгашат; 5) Ат жабдууларын сактоо орду: жаш үй-бүлөнүн ордунан эшикке жакын, ошондой эле боз үйдүн оң жагында жайгашат; 6) Кирүү бөлүгү – эшик; 7) Очок – от казаны: боз үйдүн борборунда жайгашат.

5. «Жети кәміл пір», «жети жок» *дегендеги жети сөзү абстракттуу түшүнүктү билдирет. «*Жети кәміл пір» — казак эпикалык салтында көрүнбөй келип баатырларга жардам берген ыйык пірлерди («әулие-пірлерди») сүрөттөө үчүн колдонулат. Алар **«жети пір», «жети кәміл пір», «жети кәлендер пір»** деп аталган.

Жеті кәміл пір // Жети пир. *Жеті кәміл пір // жети пир, жеті жок // жети жок* дегендеги *жети* сөзү абстрактык түшүнүктү билдирет. Казак эпикалык салтында көзгө көрүнбөй келип баатырларга жардам берген олуя-пирлерди *жеті пір, жеті кәміл пір, жеті кәлендер пір* деп атайт.

Қысылған жерде дем берер
Жеті кәміл пірім-ай («Қобыланды»).

«Жеті пір» бейнесинин мусулман казак руханиятында орун алышы, адатта, ислам дини менен анын сопулук (суфийлик) агымдарынын казак талаасына таралышы менен байланыштырылат. А.Коңыратбаев ирандык чилтендердин, башкача айтканда, мистик-суфийлердин өздөрүн *жети пир* деп атаганын жазат [Қоңыратбаев, 1987 115-121]. *«Жеті кәміл пір»* түшүнүгүндөгү *кәміл* да, *пір* да – перс тилинин сөздөрү. Ошондуктан бул бейненин казак таанымына киришине сопулуктун башталышы таасир берген деп ойлойбуз. Анткени казак жерине, Орто Азияга келген сопулардын көпчүлүгү перстерден чыккан. Ошону менен катар ал сопулар араб тили менен катар перс тилин да кеңири пайдаланган. Ал эми *жеті жок* айкашы мындай түшүндүрүлөт: *Жерде жөлөгүч жок; Асманда тирөөч жок; Ташта тамыр жок; Таш бакада талак жок; Аллада тууган жок; Аккууда сүт жок; Жылкыда өт жок.*

Казак, кыргыз элинде *жети* саны катышкан макал-лакаптар да көп кездешет: *жетіге жеткенше, жерден таяқ жейді // жетиге чыкканча, жерден таяк жейт, алып алты, жеп жеті болмайсың // алып алты, жеп жети болбойсуң, жеті жұрттың тилин біл, жеті түрдүү білім біл // жети журттун тилин бил, жети түрдүү билим бил, жетімнің құрсағы жеті қабат // жетимдин курсагы жети кабат, жетинин бири – кыдыр, жети өлчөп, бир кес, жана жети жерге кирүү ,* ж.б.

Жети казак жана кыргыз элинде гана эмес, башка түрк элдеринде да ыйык, касиеттүү болуп саналат. Маселен, өзбек элинин исламга чейинки ишенимдерин изилдеген Г.П.Снесарев, Абу Бирунинин пикирине таянып, *жети* саны Орто Азиялыктардын жаңы жылга дайындаган тамагынын санынан чыккан болсо керек деп божомолдойт [Снесарев, 1969; 215]. *Жеті рет өлшеп, бір рет піш* деген макал кыргыз тилинде – *Жети өлчөп, бир кес* [Абдурахманова, 1954; 776]; өзбек тилинде *Етти улчаб бир кес, минг уйлаб бир суйла* [Абдурахманова, 1954; 776]; татар тилинде *Жиде кат үлче, бер кат кис* түрүндө келет жана татар тилинде *Жеті қат жер астында // Жиде кат жир астында, Маңдайы жеті қарыс // Маңгае жиде карыш, Жеті қат терісінен шығару // Жиде кат тиресен тунау* [Османов, 1966; 731] түрүндө келет.

Жыйынтыктап айтканда, ыйык **«бир»** жана **«жети»** сандарынын калыптаныш жолу кыргыз жана казак элдеринин маданиятында маанилүү роль ойногону аныкталды. **«Бир»,**

«жети» ыйык сан атооч казак, кыргыз тилинин азыркы баскычында да кеңири колдонулат. Ошол сан атоочтор уютку болгон фразеологизмдердин пайда болуу жолдору мифологиялык, астрономиялык, магиялык, тотемдик, абстрактылык, сакралдык, көптүк, диний, үрп-адаттык, ж.б. ишенимдер жана уламыштарга байланыштуу экендиги жогоруда кеңири сөз болду. Бул сандардын ыйык символикасы руханий жана материалдык маданиятта, ишеним-нанымдарда, каада-салттарда жана ырым-жырымдарда кездешет. Мындан тышкары, бул сандар жаратман күчтү туюндурган өтмө мааниге ээ болуп, башкача айтканда, эзотерикалык (жашыруун) символиканы камтыйт.

Жогоруда келтирилген ***«Бир»*** саны жана анын синоними ***«жалгыз»*** лексемасын мындай парадигма аркылуу көрсөтүүгө болот: *Бир ↔ кудай ↔ алла ↔ жаратуучу ↔ жараткан ↔ жаратуучу ээм ↔ ээм*. Анткени бүткүл дүйнөнү, адамзатты, жан-жаныбарларды жаратуучу жалгыз. *«**Жети**» санынын* концептисинин когнитивдик модели *Жети → Өлчөм бирдикти → Убакыт өлчөмүн → Мифологиялык түшүнүктү → Астрономиялык түшүнүктү → Магиялык түшүнүктү → Абстрактык түшүнүктү → Тотемдик түшүнүктү → Ашыктык түшүнүктү → Сакралдык түшүнүктү → Көптүк түшүнүктү → Ата мыйзамы түшүнүктү → Диний үрп-адаттык түшүнүктү* билдирет.

Бул сандардын архетиптик маанилери убакыттын өтүшү менен өзгөрүп, прототиптик мааниге ээ болуп, этномифоструктуралык касиеттерди жаратат. Азыркы грамматикалык жана лексикалык мааниси, ошондой эле этимологиясы этнолингвистикалык, этномаданий жана этнофилософиялык далилдерге бай болуп, элдин өткөнүн чагылдырган баалуу маалыматтарды камтыйт.

Колдонуоган адабияттар:

1. Қайдаров Ә.Т. *Қазақ тілінің өзекті мәселері. –Алматы: Ана тілі, 1998.-304 б.*
2. Rysbayeva, G., Erhozhina, S., Baines, S., & Sadenova, *A. (2015). Totemic Views in the Anthroponomical Picture of the World. Review of European Studies, 7, 239-243. https://doi.org/ 10.5539/res.v7n6p239*
3. Кеңесбаев І. *Қазақ тілінің фразеологиялық сөздігі. – Алматы: Ғылым, 1977. – 712 б.*
4. Авакова Р.Ә. *Фразеологиялық семантика. – Алматы: Қазақ ун-ті, 2002. – 152 б.*
5. Баскаков Н.А. *Историко-типологическая характеристика структуры тюркских языков. –М.: Наука. 1975. – 288 с.*
6. Томанов М. *Қазақ тілінің грамматикасы. -Алматы: Мектеп, 1988.- 264 б.*
7. Юнусалиев Б. М. *Кыргыз тилинин лексикасы. – Фрунзе: Илим, 1959. – 360 б.*
8. Рысбаева Г.К. *Түрк тилдериндеги культтук фразеологизмдердин этнолингвистикасы (казак, кыргыз тилдеринин материалдары боюнча). Монография. -Бишкек, 2017. – 398 бет.*
9. *Қазақ халқының салт-дәстүрлері. / С. Қалиев, М. Оразаев, М. Смайылова. – Алматы: Рауан, 1994. – 222 б.*
10. Қондыбай С. *Арғықазақ мифологиясы. – Алматы: Дайк-Пресс, 2004.*